| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**"27" 12 2022-ж №116**

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 16-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**"Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын таштандыга болгон тарифин бекитип берүү жөнүндө.**

"Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Кенебаевдин таштандыга болгон тарифин бекитип берүү жөнүндөгү сунушун угуп талкуулап, айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1."Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Кененбаевдин таштандыга болгон тарифин бекитип берүү жөнүндөгү сунушу эске алынсын.

2.Кызыл-Суу айыл аймагынын ичиндеги таштандыларды чыгаруу боюнча 2022-жылдын 20-декабрь айында өткөрүлгөн коомдук угуда (сельский сход) базар баасынын кескин жогоруулагандыгына байланыштуу эсептелип чыккан конкуляциянын негизинде Кызыл-Суу, Жалгыз-Өрүк, Кирпичный, Пристань, Кайнар айылдарынын тургундарынын көпчүлүк добушу менен ар бир кожолуктан 90 (токсон) сомдон бекитүү боюнча чечими бекитилсин.

3. Айылдык Кенешинин XXVII-чакырылышынын 2020-жылдын 28-декабрь айындагы XIX-сессиясында таштандыларды чыгаруу боюнча ар бир кожолуктан 54 (элүү төрт) сомдон кабыл алынган № 251 токтому күчү жоготулсун деп эсептелсин.

3.Кызыл-Суу айыл аймагынын тургундарынан бекитилген тарифтердин негизинде акчаларды чогултуу жагы "Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Кененбаевге тапшырылсын.

4.Айыл аймагында аз камсыз болгон үй-бүлөлөр таштандыга болгон төлөмдөн бошотулсун. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен жогорудагы категориядагы адамдарга субсидия берилсин. (Тизме тиркелет)

5.Кызыл-Суу айыл аймагындагы баардык юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин таштандыларды чыгаруу боюнча №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жана айыл өкмөтүнун башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык Кенешинин төрайымы:** **Г.Чыныбаева**